**“Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна карата Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Корутундусу**

“Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамынын 6-беренесинин 2-пунктуна ылайык даярдалды (мындан ары – Мыйзам долбоору).

Мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 8-сентябрындагы №454 “2024-2028-жылдарга Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн болжолу жөнүндө” токтомун, 2011-жылдын 26-июлундагы №145 “Кыргыз Республикасынын айрым чек ара аймактарына өзгөчө статус берүү жана аларды өнүктүрүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 25-декабрындагы №352 “2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасындагы иш-чаралар планын бекитүү жөнүндө” токтомун жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 13-сентябрындагы №235 “2023-жылдын 1-октябрынан тартып пенсиялардын камсыздандыруу бөлүктөрүнүн өлчөмдөрүн индексациялоо жөнүндө” Жарлыгын эске алуу менен иштелип чыкты.

“Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 94-беренесине ылайык 2023-жылдын 7-сентябрындагы чыг. № 3-6/6207 каты менен Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына киргизилген.

## 1. 2024-2026-жылдарга Социалдык фонддун бюджетинин долбоорунун макроэкономикалык негиздери

Мыйзам долбоору 2024-2028-жылдарга Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү болжолун, 2022-жылга бюджеттин аткарылышынын жыйынтыктарын жана 2023-жылдын 1-жарым жылдыгында бюджеттин аткарылышынын алдын ала жыйынтыктарын эске алуу менен иштелип чыкты.

*2024-2026-жылдарга карата макроэкономикалык көрсөткүчтөр*



| | Өлчөө бирдиги | 2022-ж. | 2023-ж. | 2024-ж. | 2025-ж. | 2026-ж. |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | анык | күтүлүүчү | долбоор | пландык мезгил | пландык мезгил |
| Анык ИДПнын өсүшү | % | 107,0 | 104,5 | 105,0 | 104,7 | 104,3 |
| Пенсионердин жашоо минимуму (ПЖМ) | сом | 6395,2 | 7141,5 | 7728,6 | 8496,5 | 8950,0 |
| Орточо айлык эмгек акы | сом | 26620,0 | 30174,5 | 33582,9 | 37567,5 | 40830,2 |
| Өткөн жылга КБИ | % | 113,9 | 111,7 | 108,2 | 109,9 | 105,3 |

## 2. Бюджеттин киреше бөлүгүн болжолдоонун негиздүүлүгү

Мыйзам долбооруна ылайык, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2024-жылга бюджети, кирешелер боюнча 106 982 454,9 миң сом суммасында (ИДПдан 8,5%) же 2023-жылга такталган бюджеттен 4 844 913,9 миң сомго көбүрөөк түзүлгөн. 2022-жылдын аткарылышына карата өсүш 25 418 545,2 миң сомду же 131,2% түзгөн.

Кирешелер 2025-жылда 111 853 833,2 миң сом (ИДПдан 7,6%) жана 2026-жылда 115 871 627,0 миң сом (ИДПдан 6,8%) суммасында болжолдонууда.

2024-2026-жылдарга карата камсыздандыруу төгүмдөрүнүн келип түшүү көлөмдөрү, эмгек акынын өсүүсүнө жараша, эмгек акынын болжолдонгон фонду боюнча төлөөчүлөрдүн категорияларына камсыздандыруу төгүмдөрүнүн белгиленген тарифтеринен улам эсептелген.

Мыйзам долбооруна ылайык, 2024-жылга камсыздандыруу төгүмдөрүнүн келип түшүүсү, 65 845 000 миң сом суммасында, же ИДПга карата 5,0% деңгээлинде болжолдонууда. 2023-жылга такталган бюджетке салыштырмалуу, камсыздандыруу төгүмдөрүн болжолдоо 105,0%га же 2 967 000 миң сомго көбөйтүлгөн.

Камсыздандыруу төгүмдөрүнүн келип түшүүсү 2025-жылга 68 680 500,0 миң сомду жана 2026-жылга 71 445 200,0 миң сомго болжолдонууда.

(миң сом)

| 2023-ж. такт-н бюджет | 2024-ж. долбоор | өсүш | | 2025-ж. пландык мезгил | өсүш | | 2026-ж. пландык мезгил | өсүш | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | +/- | % | | +/- | % | | +/- | % |
| 62 878 000 | 65 845 000 | 2 967 000 | 104,7 | 68 680 500 | 2 836 000 | 104,0 | 71 445 200 | 2 765 000 | 104,0 |

2024-жылга камсыздандыруу фонддору боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүшү Пенсиялык фондго 56 734 261,3 миң сом, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна 4 848 113,0 миң. сом, Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондуна 599 126,8 миң сом жана Мамлекеттик пенсиялык топтомо фондуна 3 663 498,9 миң сом өлчөмүндө каралган.

(миң сом)

| | 2022-ж. факт. | 2023-ж. такт. бюджет | 2024-ж. долбоор | +/- | 2025-ж. пландык мезгил | 2026- ж. пландык мезгил |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Камсыздандыруу төгүмдөрү** | **51 592 637,2** | **62 878 000,0** | **65 845 000,0** | **2 967 000** | **68 680 500,0** | **71 445 200,0** |
| Пенсиялык фонд | 44 393 316,6 | 54 177 155,5 | 56 734 261,3 | 2 557 106 | 59 175 502,0 | 61 561 871,7 |
| Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду | 3 810 134,7 | 4 629 334,5 | 4 848 113,0 | 218 779 | 5 057 493,1 | 5 258 859,3 |
| Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду | 474 926,2 | 572 456,2 | 599 126,8 | 26 671 | 624 755,4 | 649 865,7 |
| Мамлекеттик пенсиялык топтомо фонду | 2 914 259,7 | 3 499 053,8 | 3 663 498,9 | 164 445 | 3 822 749,5 | 3 974 603,3 |

Камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүшүнүн көлөмү болжолдуу эмгек акы фондуна төлөөчүлөрдүн категориялары боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн белгиленген тарифтеринен улам эмгек акынын өсүшүнө жараша эсептелди жана 2024-жылга 65 845 000,0 миң сом суммасында болжолдонууда же 2023-жылга такталган камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүшүнө салыштырмалуу өсүш 104,7%ды же 2 967 000 миң сомду түзөт.

Камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүшү 2025-жылга 68 680 500 миң сомго жана 2026-жылга 71 445 200 миң сомго болжолдонууда.

Төлөөчүлөр категориясы боюнча 2024-2026-жылдарга камсыздандыруу төгүмдөрүнүн келип түшүүсү төмөндөгүдөй пландалган:

(миң сом)

| | 2022-ж. факт. | 2023-ж. такт-н бюджет | 2024-ж. долбоор | 2024-ж. бюд. 2023-ж. карата өсүш | | 2025-ж. пландык мезгил | 2025-ж. бюдж. 2024 ж. карата өсүш | | 2026-ж. пландык мезгил |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | +/- | % | | +/- | % | |
| Өнөр жай ишканалары жана уюмдар | 26 359 006,5 | 31 368 388,3 | 34 126 232,4 | 2 757 844,1 | 108,8 | 36 737 226,0 | 2 610 993,7 | 104,3 | 39 227 997,1 |
| Бюджеттик уюмдар | 23 262 007,3 | 29 481 480,0 | 29 481 500,0 | 20,0 | 100,0 | 29 481 500,0 | 0,0 | 107,7 | 29 481 500,0 |
| Дыйкан-фермер. чарбасы | 261 886,7 | 262 900,0 | 262 900,0 | 0,0 | 100,0 | 262 900,0 | 0,0 | 100,0 | 262 900,0 |
| Жеке ишкерлер | 1 709 736,8 | 1 765 231,8 | 1 974 367,6 | 209 135,9 | 111,9 | 2 198 874,0 | 224 506,3 | 111,4 | 2 472 802,9 |
| **Бардыгы** | **51 592 637,2** | **62 878 000,0** | **65 845 000,0** | **2 967 000,0** | **105,0** | **68 680 500,0** | **2 835 500,0** | **104,0** | **71 445 200,0** |

Өнөр жай ишканалары жана уюмдар боюнча, орточо айлык эмгек акынын өсүшүн эске алуу менен, 2024-жылы камсыздандыруу төгүмдөрү 34 126 232,4 миң сом суммасында, же 108,8 % өсүш менен каралган. 2025-жылга



36 737 226,0 миң сом, 2026-жылга түшүүлөр 39 227 997,1 миң сом суммасында көрсөтүлгөн.

Бюджеттик уюмдар боюнча 2024-жылы камсыздандыруу төгүмдөрү 29 481 500,0 миң сом суммасында болжолдогон жана 2025-2026-жылдарга түшүүлөр да 29 481 500,0 миң сом суммасында белгиленген.

Дыйкан (фермердик) чарбалардан 2024-жылга камсыздандыруу төгүмдөрү 262 900,0 миң сом суммасында болжолдогон жана түшүүлөр 2025-2026-жылдарга да 262 900,0 миң сом суммасында белгиленген.

Жеке ишкерлер боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн жыйноо жеке ишкерлерден түшүүчү камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөдө тиешелүү тарифтик чендердин азайышын эске алуу менен жүргүзүлдү.

Жеңилдетилген уюмдардан камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүүсү 2024-жылдан 2026-жылга чейин 19 800,0 миң сом өлчөмүндө өнөр жай ишканалары жана уюмдарынын ичинде пландалган.

*Башка кирешелердин келип түшүүлөрү*

2024-жылга башка кирешелердин түшүшү ишканалардын акциялары боюнча дивиденддердин, эсептердеги акча каражаттарынын калдыктарына эсептелген пайыздардын, регресстик талаптарды коюудан туумдардын жана айыптардын түшүшүнүн эсебинен 899 432,9 миң сом суммасында пландалууда.

(миң сом)

| Башка кирешелер | 2023-ж. такталган | 2024-ж. долбоор | өсүш | | 2025-ж. пландык мезгил | 2026-ж. пландык мезгил |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | +/- | % | | |
| **Бардыгы, анын ичинде:** | **1 110 560,9** | **899 432,9** | ***-211 128,0*** | ***81,0*** | **917 427,9** | **924 887,8** |
| Социалдык фондго таандык болгон ишканалардын акциялары боюнча дивиденддер | 146 447,9 | 97 500,0 | *-48 947,9* | *66,6* | 97 500,0 | 97 500,0 |
| убактылуу бош акча каражаттарды МБК жайгаштыруудан түшкөн кирешелер | 272 313,0 | 273 732,9 | *1 419,9* | *100,5* | 274 879,9 | 264 817,9 |
| Социалдык фондго камсыздандыруу төгүмдөрүн өз убагында жана толук которбогондугу үчүн эсептелген туумдар жана айыптар | 280 000,0 | 100 000,0 | *-180 000,0* | *35,7* | 100 000,0 | 100 000,0 |
| коммерциялык банктардын эсептериндеги Социалдык фонддун акча каражаттарынын калдыгына эсептелген пайыздар | 405 000,0 | 421 200,0 | *16 200,0* | *104,0* | 438 048,0 | 455 569,9 |
| пенсия төлөө үчүн капиталдаштырылган суммалар | 2 000,0 | 2 000,0 | *0,0* | *100,0* | 2 000,0 | 2 000,0 |
| регресстик талаптарды коюунун натыйжасында иш берүүчүдөн жана жарандардан өндүрүлүүчү каражаттар | 2 800,0 | 3 000,0 | *200,0* | *107,1* | 3 000,0 | 3 000,0 |
| Социалдык фондунун башка | 2 000,0 | 2 000,0 | *0,0* | *100,0* | 2 000,0 | 2 000,0 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| кирешелери | | | | | | |

**3. Алынган расмий трансферттер**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 56-беренесине ылайык республикалык бюджеттен ассигнованиелер төмөнкү төлөмдөр үчүн каралат: пенсиянын базалык бөлүгү, электр энергиясы үчүн компенсациялар, аскер кызматчыларынын пенсиялары, аскер кызматчыларына бир жолку төлөнүүчү жөлөкпулдар, көп балалуу энелерге жана бала кезинен майып балдардын энелерине, бийик тоолуу шарттарда, алыскы жана барууга кыйын аймактарда жашаган жана иштеген адамдарга, пенсияларга үстөк акылар (Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучуларына жана майыптарына, 80 жашка толгон пенсионерлерге, ардактуу донорлорго, концлагерлердин туткундарына, саясий жүйөөлөр боюнча куугунтукка алынгандарга, блокада мезгилинде Ленинград шаарында иштегендерге, баатыр энелерге, Чернобыль АЭСиндеги авариясынын кесепеттерин жоюуга катышкандарга, Кыргыз Республикасына өзгөчө эмгек сиңиргендерге, ошондой эле Баткен облусунун өзгөчө статуска ээ чек ара аймактарында туруктуу жашаган пенсионерлерге). Бул каражаттар, республикалык бюджеттен милдеттүү трансферттер катары Социалдык фонддун бюджетинин курамына кирет.

2024-жылы республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын түшүүсү 40 238 022,0 миң сом суммасында пландаштырылган, бул 2023-жылдын такталган бюджетинен 2 089 041,9 миң сомго көп жана анын көбөйүүсү пенсиялардын жыл сайын индексацияланышы жана пенсионерлердин санынын өсүшүнө байланыштуу, 2025-жылга 42 255 905,3 миң сом, 2026-жылга 43 501 539,2 миң сом суммасында болжолдонууда.

(миң сом)

| Аталышы | 2023-ж. такталган | 2024-ж. долбоор | өсүш | | 2025-ж. пландык мезгил | 2026-ж. пландык мезгил |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | +/- | % | | |
| **Бардыгы** | **38 148 980,1** | **40 238 022,0** | ***2 089 041,9*** | ***105,5*** | **42 255 905,3** | **43 501 539,2** |
| Пенсиянын базалык бөлүгү | 26 582 135,1 | 27 909 216,1 | *1 327 081,0* | *105,0* | 28 747 616,5 | 29 592 139,9 |
| Электр энергиясы үчүн компенсация | 2 000 153,0 | 2 051 135,4 | *50 982,4* | *102,5* | 2 089 120,0 | 2 115 626,4 |
| Аскер кызматчыларынын пенсиялары | 4 390 677,6 | 4 450 423,5 | *59 745,9* | *101,4* | 5 668 867,4 | 6 117 642,2 |
| Аскер кызматчыларына бир жолку төлөнүүчү жөлөкпул | 174 124,0 | 194 324,0 | *20 200,0* | *111,6* | 204 424,0 | 214 524,0 |
| Пенсиялар жана пенсияларга үстөк акылар | 5 001 890,4 | 5 632 923,0 | *631 032,6* | *112,6* | 5 545 877,4 | 5 461 606,7 |

**4. Социалдык фонддун бюджетинин долбоорунун чыгымдар бөлүгү**



2024-жылга Социалдык фонддун бюджетинин чыгымдар бөлүгүнүн жалпы көлөмү 105 095 463,3 миң сомду түзөт (ИДПга карата 8,3%), бул 2023-жылдын такталган бюджетинин чыгашаларынан 14 016 113,5 миң сомго көп.

Чыгымдар 2025-жылда 110 087 998,5 миң сом (ИДПдан 7,5%) жана 2026-жылда 114 171 367,6 миң сом (ИДПдан 6,7%) суммасында болжолдонууда.

(миң сом)

| | 2023-ж. такт. | 2024-ж. долбоор | 2023 такт. карата 2024 долбоор | | 2025-ж. пландык мезгил | 2026-ж. пландык мезгил |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | +/- | % | | |
| **БАРДЫК ЧЫГЫМДАР** | **91 079 349,8** | **105 095 463,3** | ***14 016 113,5*** | ***115,4*** | **110 087 998,5** | **114 171 367,6** |
| ИДПга карата % | *8,4* | *8,3* | | | *7,5* | *6,7* |
| **Пенсиялык фонд боюнча, анын ичинде:** | **82 140 526,3** | **96 148 141,8** | ***14 007 615,5*** | ***117,1*** | **100 753 468,0** | **104 465 301,1** |
| пенсия жана жөлөкпулдар | 80 285 233,7 | 93 954 013,4 | *13 668 779,7* | *117,0* | 98 612 964,7 | 102 304 093,9 |
| **Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду боюнча** | **4 701 524,7** | **4 702 669,6** | ***1 144,9*** | ***100,0*** | **4 905 768,3** | **5 101 093,5** |
| **Эмгекчилердин ден-соолугун чыңдоо фонду боюнча** | **738 245,0** | **581 153,0** | ***-157 092,0*** | ***78,7*** | **606 012,7** | **630 369,7** |
| **МТПФ боюнча** | **3 499 053,8** | **3 663 498,9** | ***164 445,1*** | ***104,7*** | **3 822 749,5** | **3 974 603,3** |

2024-жылга Социалдык фонддун бюджетинин чыгымдары экономикалык классификациялоо боюнча төмөндөгүдөй көрсөтүлгөн:

(миң сом)

| Код | Аталышы | 2022-жыл (анык) | 2023-жыл (такталган бюджет) | 2024-жыл (долбоор) |
|---|---|---|---|---|
| | **Чыгашалар** | **71 181 828,0** | **91 079 349,8** | **105 095 463,3** |
| | **Жалпы операциялык чыгашалар** | **71 170 550,9** | **91 030 349,8** | **105 033 563,3** |
| 2111 | Эмгек акы | 764 657,1 | 782 019,3 | 798 958,6 |
| 2121 | Социалдык фондго төгүмдөр | 118 070,8 | 117 109,5 | 122 880,9 |
| 2211 | Кызматтык иш сапарларга чыгашалар | 11 509,2 | 20 000,0 | 20 000,0 |
| 2212 | Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | 8 172,9 | 12 075,0 | 12 075,0 |
| 2213 | Ижара акысы | 3 681,4 | 4 245,5 | 4 101,5 |
| 2214 | Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр | 14 456,9 | 16 713,6 | 17 078,8 |
| 2215 | Башка товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу | 20 863,5 | 41 000,0 | 43 700,0 |
| 2221 | Мүлктү учурдагы оңдоого чыгашалар | 3 436,9 | 5 100,0 | 7 600,0 |
| 2222 | Учурдагы чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды сатып алуу | 15 371,5 | 20 000,0 | 21 500,0 |
| 2224 | Көмүрдү жана отундун башка түрлөрүн сатып алуу | 2 671,5 | 3 100,0 | 3 336,2 |
| 2225 | Күзөт боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу | 3 407,1 | 6 475,7 | 6 475,7 |
| 2226 | Банктардын кызмат көрсөтүүлөрүн | 12 698,8 | 15 497,9 | 16 167,2 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | төлөөгө чыгашалар | | | |
| 2227 | Пенсияларды жана жөлөкпулдарды төлөө боюнча кызмат көрсөтүүлөргө төлөөгө чыгашалар | 340 371,7 | 425 395,9 | 447 426,0 |
| 2231 | Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр | 8 729,1 | 9 173,8 | 10 247,0 |
| 2621 | Уюмдарга учурдагы төгүмдөр | 4 319,6 | 4 286,3 | 4 416,2 |
| **2631** | **Мамлекеттик башкаруу секторунун башка бирдиктерине учурдагы гранттар** | **6 971 580,1** | **8 938 823,5** | **8 947 321,5** |
| 2631 5100 | Социалдык фонддун бюджетинен Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна берилүүчү каражаттар | 3 541 558,0 | 4 701 524,7 | 4 702 669,6 |
| 2631 5200 | Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондунун каражаттарын бөлүштүрүү боюнча ыйгарым укуктуу органга берилүүчү каражаттар | 515 762,4 | 738 245,0 | 581 153,0 |
| 2631 5300 | Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондуна берилүүчү каражаттар | 2 914 259,7 | 3 499 053,8 | 3 663 498,9 |
| 2711 | Социалдык камсыздоо боюнча жөлөкпулдар | 62 815 465,7 | 80 285 233,7 | 93 954 013,4 |
| 2824 | Резервдик фонддор | 2 000,0 | 2 000,0 | 2 000,0 |
| 2828 | Социалдык фонддун Өнүктүрүү фонду | 49 087,1 | 322 100,1 | 594 265,3 |
| | **Жалпы финансылык эмес активдер** | **11 277,1** | **49 000,0** | **61 900,0** |
| 3111 | Имараттар жана курулмалар | 129,1 | 28 000,0 | 33 000,0 |
| 3112 | Машиналар жана жабдуулар | 11 148,0 | 21 000,0 | 28 900,0 |

2024-жылга карата Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун административдик чыгымдары 1 129 853,7 миң сом көлөмүндө каралган, же 2023-жылдын такталган бюджетине салыштырмалуу 4,0%га өсүү менен берилген.

2023-жылдагы бекитилген бюджетке карата 2024-жылга административдик чыгымдар 254 720,3 миң сомго азайган.

2004-жылдын 2-августундагы №103 "Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесине ылайык, Социалдык фонддун кызматкерлеринин эмгек акы өлчөмү жана тутуму, формасы, штаттык жүгүртмөсүн өз алдынча уюштурат жана бекитет.

2024-жылга бюджет долбоорунда, төмөндөгү беренелер боюнча административдик чыгымдарды көбөйтүү каралган: "Эмгек акы" – 16 939,4 миң сомго, "Социалдык фондго төлөмдөр" – 5 771,5 миң сомго, "Байланыш кызматын көрсөтүү" – 0,1 миң сомго, "Учурдагы чарбалык максаттар учун буюмдарды жана материалдарды алуу" – 1 500,1 миң сомго, "Күзөт кызматтарын сатып алуу" – 0,1 миң сомго, "Машиналар жана жабдуулар" – 7 900,1 миң сомго.

Ошол эле учурда, 2024-жылга бюджеттин долбоорунда 2023-жылдагы такталган суммаларга салыштырмалуу, "Социалдык фонддун өнүктүрүү фонду" беренеси боюнча сметалык чыгымдар 272 165,3 миң сомго



көбөйтүлгөн.

**5. Мамлекеттик пенсиялык топтомо фонду**

Мамлекеттик пенсиялык топтомо фондуна камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүүсү 2024-жылы 3 663 498,8 миң сом суммасында пландалууда. 2025-2026-жылдарга камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүүсү 3 822 749,5 миң сом жана 3 974 603,3 миң сом суммасында болжолдонууда.

2024-жылы инвестициялоодон киреше 4 795 992,9 миң сом суммасында күтүүлүдө. 2025-2026-жылдарга 5 249 642,3 миң сом жана 5 749 150,8 миң сом болжолдонууда.

Пенсиянын топтомо бөлүгүн төлөө 2024-жылы 1 500 000,0 миң сом суммасында пландалууда.

2024-жылы пенсиялык топтоо каражаттарынан 316 806,3 миң сомдун тегерегинде топтомо пенсиялык фонддорго берүү пландалууда.

***Профицит***

2024-жылга Социалдык фонддун бюджетинин долбоору 1 886 991,6 миң сом суммасындагы профицит менен түзүлдү.

**Корутунду**

**1.** Сунушталган "Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору негизинен Кыргыз Республикасынан Бюджеттик Кодексине туура келет.

**2.** "Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна карата эсептөөлөр, 2024-2028-жылдарга Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн болжолунун көрсөткүчтөрүнүн негизинде түзүлгөн.

**3.** Мыйзам долбоору тиешелүү министрликтер жана ведомстволор менен макулдашылган жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин сунуштары эске алынган.

**4.** Мыйзам долбоорунун тиркемесинде республикалык бюджеттен пенсияларды жана жөлөкпулдарды төлөөдө коммерциялык банктар жана "Кыргыз почтасы" Мамлекеттик ишканасы тарабынан жеткирүү жана которуу боюнча кызмат көрсөтүүлөрүнүн республикалык бюджеттен кетчү чыгашалары ачык-айкын көрсөтүлгөн эмес.

**5.** Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетинин аткаруусуна жүргүзүлгөн аудит жыйынтыктары менен "Аскер кызматчыларынын пенсиялары" боюнча жыл сайын пайдаланылбай калган

калдыктарга ээ болгондугу белгиленген. Буга жол бербөө максатында республикалык бюджеттен бөлүнгөн ассигнованиелердин эсебин Социалдык фонддун бюджетинин долбоорун түзүүдө алардын керектөөсүнүн негиздүүлүгүн КР Финансы министрлиги тарабынан көзөмөлгө алуу зарыл.

**Сунуштар:**

*Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна:*

**1.** Республикалык бюджеттин эсебинен пенсиялык төлөмдөрдү жана жөлөкпулдарды жеткирүү жана которуу боюнча чыгымдарды Социалдык фонддун бюджети тууралуу мыйзам долбоорунда ачык-айкын жана туура көрсөтүү максатында Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясынын тиешелүү чыгымдар беренесин ачуу сунушталат.

*Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:*

**2.** “Аскер кызматчыларынын пенсиялары” боюнча жыл сайын пайдаланылбай калган калдыктарына жол бербөө максатында республикалык бюджеттен бөлүнгөн ассигнованиелердин эсебин Социалдык фонддун бюджетинин долбоорун түзүүдө, алардын керектөөсүнүн негиздүүлүгүн көзөмөлгө алуу сунушталат.

**Аудитор** **В.А. Садовников**